**“Бекитилген”**

**Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын**
**Адвокаттар кеңешин чечими тарабынан**
**29-февраль 2024-жыл**

# Кыргыз Республикасынын Аймактык Адвокатурасы жөнүндө ТИПТҮҮ ЖОБО

**Бишкек ш.**

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы (Каттоо номери: 143179-3301-А, код ОКПО: 28981790, ИНН: 02612201410098) Кыргыз Республикасынын ар бир облусунда, ошондой эле Бишкек жана Ош шаарларында филиалдарды – Аймактык адвокатураларды түзөт.

1.2. Кыргыз Республикасынын филиалы ________________________(аймактык адвокатуранын аталышы) ушул Жобого ылайык өз функциясын аткарган Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын өзгөчөлөнгөн бөлүгү болуп саналат.

1.3. Аймактык адвокатуранын иши "Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык ишмердик жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамы, Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Уставы, эл аралык укуктун жана эл аралык келишимдердин жалпы таанылган принциптери жана ченемдери, Адвокатуранын Устаы жана башка документтери, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, ошондой эле ушул Жобо менен жөнгө салынат.

11.3. Мисал үчүн аталышы:

* мамлекеттик тилде: "Бишкек шаарынын адвокатурасы" – Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын филиалы:

* на официальноом языке: Филиал Адвокатуры Кыргызской Республики – "Адвокатура города Бишкек".

1.4. Аймактык адвокатураны түзгөн юридикалык жак: "Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы" каттоо номери:143179-3301-А-а, код ОКПО: 28981790, ЖСН: 02612201410098, жайгашкан жери: Бишкек ш., Ленин району, Бөкөнбаев көчөсү, 204,6-кабат.

1.5. Аймактык адвокатуранын турган жери:________________________________________

1.6. Аймактык адвокатура Адвокатуранын өзгөчөлөнгөн бөлүгү болуп саналат.

1.7. Аймактык адвокатуранын иши өзүн-өзү актаган жана өзүн-өзү каржылаган принциптерде түзүлөт.

1.8. Аймактык адвокатура белгисиз мөөнөткө түзүлөт.

## 2. Аймактык адвокатуранын укутук жобосу

2.1. Аймактык адвокатура Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын филиалы болуп саналат жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык юридикалык жак болуп саналат, өз ишин Адвокатура тарабынан берилген ыйгарым укуктардын чегинде ишке ашырат.

2.2. Аймактык адвокатура Адвокатурага тиешелүү өзүнө бекитилген мүлккө ээ, Адвокатуранын бириктирилген балансына кошулган өз алдынча бухгалтердик балансы бар. Аймактык адвокатурада турган каражаттар менен мүлк Адвокатуранын менчиги болуп саналат.

2.3. Аймактык адвокатуранын өз аталышы бар мөөрү, ошондой эле Адвокатурага тийиштүүлүгү көрсөтүлгөн үч бурчтуу штампы жана фирмалык бланкы болот.

2.4. Аймактык адвокатура Адвокатуранын эмблемасын жана көрүнөө идентификацияланган башка каражаттарын пайдаланууга укуктуу.

2.5. Аймактык адвокатура өзүнүн финансылык-чарбалык ишинде колдонуучу каражаттар Аймактык адвокатуранын адвокаттарынын ай сайын милдеттүү чегерүүлөрүнөн жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка түшүүлөрдөн топтолот.

## 3. Аймактык адвокатуранын максаттары

3.1. Аймактык адвокатуранын максаттары:

- Кыргыз Республикасында Адвокатура институтун өнүктүрүү;
- Кыргыз Республикасында укук маданиятын жогорулатуу;
- адвокаттардын кесиптик деңгээлин жогорулатууга көмөк көрсөтүү;
- кат жүзүндөгү кайрылуу боюнча мамлекеттик, укук коргоо, сот жана башка органдарда адвокаттардын укугун жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын, абийирин, абройун жана иштиктүү репутациясын коргоо;
- Адвокатуранын мүчөлөрүнүн укуктук, социалдык, материалдык, кесиптик жана жеке корголушун камсыз кылууга көмөк көрсөтүү;
- жеке жана юридикалык жактардын укуктарын, эркиндигин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо максатында аларга квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү боюнча адвокаттардын ишин уюштуруу;.

3.2. Аймактык адвокатура өз ишинде пайда көрүү максатын көздөбөйт.

## 4. Аймактык адвокатурадагы каттоо (бекитүү)

4.1. Аймактык адвокатурадагы аймак боюнча Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын мүчөсүн каттоо (бекитүү) арыз берилген тартипте Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Уставынын 4-пунктуна ылайык ишке ашырылат.

4.2. Аймактык адвокатурадагы аймак боюнча бекитилген Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын адвокат-мүчөсү укуктуу:
- Аймактык адвокатуранын ишине катышууга;
- Мыйзамга, Уставга, Типтүү жобого жана Аймактык адвокатура жөнүндө жобого ылайык Аймактык адвокатуранын органын шайлоого жана ага шайланууга;
- белгиленген тартипте Аймактык адвокатуранын иши жөнүндө бардык керектүү маалыматты алууга;
- Аймактык адвокатуранын жылдык финансылык отчету менен таанышууга;
- ушул Типтүү жобо менен белгиленген тартипте кезексиз чогулушту демилгелөөгө.

4.3. Аймактык адвокатурадагы аймак боюнча бекитилген Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын адвокат-мүчөсү милдеттүү:

- Кыргыз Республикасынын адвокатынын Кесиптик этикасынын кодексин сактоого;
- Кыргыз Республикасынын адвокаттарынын кесиптик окуусунун жана квалификациясын жогорулатуунун Бирдей билим берүү стандарттарына ылайык өз квалификациясын жогорулатууга;
- Кыргыз Республикасынын Адвокатура кеңешинин жана өздөрүнүн компетенциясынын чектеринде кабыл алынган Аймактык Адвокатуранын башкармалыгынын чечимин аткарууга;
- ушул Типтүү жобонун 6.3 пунктуна ылайык Аймактык адвокатуранын жалпы чогулушуна катышуучу катарында катталууга.

### 5. Аймактык Адвокатуранын башкаруу органдары

5.1. Аймактык адвокатуранын башкаруу органдары:

1) Аймактык адвокатуранын жогорку башкаруу органы болуп Аймактык адвокатуранын адвокаттарынын жалпы чогулушу саналат;

2) Аймактык адвокатуранын башкармалыгы.

5.2. Аймактык адвокатуранын адвокаттарынын жалпы чогулушунун компетенциясына төмөнкү маселелер кирет:
1) Аймактык адвокатуранын башкармалыгынын төрагасын, анын орун басарын жана мүчөлөрүн шайлоо;
2) Аймактык адвокатуранын башкармалыгынын төрагасын шайлоого Адвокаттар кеңешине сунуш берүү;
3) Аймактык Адвокатуранын башкармалыгынын отчетторун бекитүү;
4) адвокаттардын жалпы чогулушунун компетенциясына карата Мыйзамда, Уставда, Типтүү жободоо жана Аймактык адвокатура жөнүндө жободо белгиленген башка маселелерди чечүү.

### 6. Аймактык адвокатуранын адвокаттарынын жалпы чогулушу

6.1. Аймактык адвокатуранын адвокаттарынын жалпы чогулушу “Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык ишмердик жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Уставынын 7.6 пунктуна ылайык жана ушул Типтүү жобо менен белгиленген тартипте жүргүзүлөт.

6.2. Аймактык адвокатуранын адвокаттарынын жалпы чогулушу Адвокаттар кеңешинин же Аймактык адвокатуранын башкармалыгынын, же Аймактык адвокатурда аймак боюнча бекитилген адвокаттардын санынан үчтөн биринен көбүнүн демилгеси боюнча бир жылда бир жолудан кем эмес өткөрүлөт. Аймактык адвокатуранын адвокаттарынын жалпы чогулушунун чечими аймактык адвокатуранын адвокаттарынын же алардын өкүлдөрүнүн катышкандарынын санынан жөнөкөй көпчүлүк добушу менен кабыл алынат

6.3. Адвокаттардын жалпы чогулушу, эгерде адвокаттардын жалпы чогулушуна катышуу үчүн каттоо аяктаган учурда Аймактык адвокатуранын мүчөлөрүнүн үчтөн биринен көбү

катталса, укуктуу болот. Адвокаттардын жалпы чогулушуна катышуу үчүн каттоонун башталышы массалык маалымат каражаттарында жалпы чогулушту өткөрүү жөнүндө кулактандыруу жарыяланган учурдан эсептелсин. Каттоодон өтүү үчүн Аймактык адвокатуранын кеңсесинде каттоо баракчасын ( 1-тиркеме) толтуруу зарыл же болбосо электрондук вариантта Аймактык адвокатуранын электрондук почтасына жиберүү керек. Эгерде адвокаттын тигил же бул себептер боюнча жалпы чогулушка катышуу мүмкүкунчүлүгү болбогон учурда, ал каттоо процедурасынан өтүп, аймактык адвокатуранын кеңсесинде адвокат-өкүлгө ишеним кат калтырууга тийиш, же болбосо бул ишеним катты электрондук почта боюнча Аймактык адвокатуранын электрондук ящигине жиберүүсү керек.

6.4. Аймактык адвокатуранын Башкармалыгы тарабынан күн тартибине киргизилген жана жалпы чогулушта бекитилген маселелер жалпы чогулушта каралат.

6.5. Жалпы чогулуштун күн тартибине киргизүү үчүн сунуштарды каттоо Аймактык адвокатуранын Башкармалыгы күн тартибин бекиткенге чейин 30 күндүн ичинде аяктайт.

6.6. Жалпы чогулуштун датасы, күн тартиби аны өткөрүүнүн датасына чейин 30 (отуз) календардык күндөн кечиктирилбестен Аймактык адвокатуранын Башкармалыгынын чечими менен бекитилет.

6.7. Жалпы чогулушту өткөрүү үчүн Аймактык адвокатуранын Башкармалыгы тарабынан уюштуруу комитети түзүлөт, анын компетенциясына Аймактык адвокатуранын Башкармалыгы бекиткен иш планга ылайык уюштуруу маселелерин чечүү кирет. Уюштуруу комитетинин курамы жана анын иш планы жөнүндө чечим Аймактык адвокатуранын Башкармалыгынын чечими менен тариздөлет.

6.8 Жалпы чогулуштун орду, убактысы, күн тартиби жөнүндө кулактандырууну Аймактык адвокатуранын Башкармалыгы 30 (отуз) календардык күндөн кечиктирбей массалык маалымат каражаты аркылуу жарыялайт. Кулактандыруу бир эле мезгилде Кыргыз Республикасынын расмий сайтында жарыяланат, ошондой эле СМС билдирүүлөр, социалдык медиа, E-mail жөнөтүү (электрондук почта) ж.б. аркылуу таркатылат.

## 7. Жалпы чогулушту өткөрүүнүн тартиби

7.1. Аймактык адвокатуранын адвокаттарынын жалпы чогулушун Аймактык адвокатуранын Башкармалыгынын төрагасы же анын орун басары же Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын адвокатура кеңешинин мүчөсү өткөрөт.

7.2. Аймактык адвокатуранын адвокаттарынын жалпы чогулушунун чечими ачык добуш менен кабыл алынат. Аймактык адвокатуранын адвокаттарынын жалпы чогулушуна катышуучулардын же алардын өкүлдөрүнүн 20% кем эмесинин талабы боюнча чечимдерди кабыл алуу жашыруун добуш берүү аркылуу жүргүзүлөт. Добуш берүү бюллетендерди пайдалануу менен жүргүзүлөт.

7.3. Жалпы чогулуштун күн тартибине киргизилген жана бекитилген маселелер жалпы чогулушта каралат. Жалпы чогулуш күн тартибине киргизилбеген маселелерди кароого укугу жок.

7.4. Жалпы чогулушту өтөкрүү үчүн адвокаттар ачык добуш берүүнүн жөнөкөй көпчүлүгү менен курамы беш кишиден турган президиумду шайлашат. Президиумдун курамына Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Адвокаттар кеңешинин төрагасы, ал жок болгондо анын орун басары, Аймактык адвокатуранын Башкармалыгынын төрагасы, ал жок болгондо анын орун басары же Аймактык адвокатуранын Башкармалыгынын мүчөсү кирет.

7.5. Жалпы чогулушта ошондой эле жалпы чогулуштун протоколун жүргүзүү милдети жүктөлгөн жалпы чогулуштун секретариаты жөнөкөй көпчүлүк добуш менен шайланат, протоколго Аймактык адвокатуранын Башкармалыгынын төрагасы жана секретариат кол тамгаларын коёт. Жалпы чогулуштун жүрүшүн белгилөө видео же аудио жаздыруларын пайдалануу менен жүргүзүлүшү мүмкүн. Кайсы адвокат болсо да Аймактык адвокатуранын жалпы чогулушунун протоколу менен таанышууга укуктуу.

7.6. Жалпы чогулушта жөнөкөй көпчүлүк добуш менен эсептөө комиссиясы да шайланат. Эсептөө комиссиясынын компетенциясына добуштарды эсептөө кирет. Жашыруун добуш берүүдө эсептөө комиссиясы протокол түзөт. Башка учурларда добуштарды эсептөөнүн маалыматтары оозеки уктурулуп, адвокаттардын чогулушунун протоколунда көрсөтүлөт.

7.7. Аймактык адвокатуранын төрагасы ушул Жобого ылайык жалпы чогулушту өткөрөт, жалпы чогулушту өткөрүүнү уюштурат, кун тартибинде каралуучу маселелерди угузат, аларды талкуулоону уюштурат, кабыл алынган чечимдерди жарыялайт.

7.8. Төрага менен секретариат кол тамгаларын койгон үч нускадагы жалпы чогулуштун протоколунун бир нускасы Аймактык адвокатуранын Башкармалыгынын кеңсесинде сакталат, экинчи нуска Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын борбордук аппартына жана үчүнчү нуска банкка жиберилет. Протоколдордо жалпы чогулушту өткөрүүнүн датасы, убактысы, өтүүчү жери, күн тартибинин маселелери, докладчылар жана алардын сүйлөгөн сөздөрүнүн кыскача баяндамасы,сунуштар жана алар боюнча кабыл алынган чечимдер, добуш берүүнүн жыйынтыктары, ошондой эле чогулуштун жүрүшүн чагылдырган башка маалыматтар көрсөтулөт.

## 8. Аймактык адвокатуранын Башкармалыгынын мүчөлөрүн шайлоонун тартиби

8.1. Аймактык адвокатуранын Башкармалыгынын төрагасын, Аймактык адвокатуранын Башкармалыгынын төрагасынын орун басарын, Аймактык адвокатуранын Башкармалыгынын мүчөлөрүн шайлоо Аймактык адвокатуранын адвокаттарынын жалпы чогулушунда өткөрүлөт.

8.2. Аймактык адвокатуранын Башкармалыгынын төрагасын, Аймактык адвокатуранын Башкармалыгынын төрагасынын орун басарын, Аймактык адвокатуранын Башкармалыгынын мүчөлөрүн шайлоо жашыруун жабык добуш берүү менен өткөрүлөт.

8.3. Аймактык адвокатуранын адвокаттарынын жалпы чогулушу беш кишиден турган Эсептөө комиссиясын шайлайт. Эсептөө комиссиясынын ыйгарым укугу Аймактык адвокатуранын адвокаттарынын жалпы чогулушу аяктаганга чейин колдонулат.

8.4. Аймактык адвокатуранын Башкармалыгынын төрагасын, Аймактык адвокатураны Башкармалыгынын төрагасынын орун басарын, Аймактык адвокатураны Башкармалыгынын мүчөлөрүн шайлоо бюллетендер менен жүргүзүлөт. Бюллетенди формасын Аймактык адвокатуранын Башкармалыгы бекитет.

8.5. Жашыруун добуш үчүн бюллетендерди Эсептөө комиссиясынын мүчөлөрү берет Адвокаттар албаган бюллетендер эсептөө комиссиясында калат, жок кылынат жана жашыруун добуш берүүгө чейин жасалган тиешелүү белги менен мөөр коюлат, бул Эсептөө коиссиясынын протоколунда белгиленет.

8.6. Аймактык адвокатуранын Башкармалыгынын мүчөлүгүнө талапкерлерди көрсөтүү Аймактык адвокатуранын адвокаттарынын жалпы чогулушун өткөрүү күнүнө чейин 30 күнд калганда башаталат жана 3 күн калганда аяктайт. Талапкерлерди көрсөтүү укугу өзүн өзү көрсөткөн адвокаттарга жана адвокаттык бирикмелерге таандык.

8.7. Аймактык адвокатуранын Башкармалыгынын мүчөлүгүнө талапкер катарында каттоо үчүн керектүү документтер:

- паспорттун көчүрмөсү;
- Кыргыз Республикасынын аймагында соттуулугу жоктугу жөнүндө маалым кат;
- соттуулугу жоктугу, анын ичинде калыбына келтирилбеген негиздер боюнча ага карата жаза куугунтугу жоюлгандыгы жана токтотулгандыгы жөнүндө талапкердин арызы;
- Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Этика боюнча комиссиясынын тартиптик жазасынын жоктугу жөнүндө маалым кат;
- таржымал;
- талапкердин шайлоого макулдугу жөнүндө арыз.

8.8. Көрсөтүлгөн талапкерлердин аты Адвокаттардын жалпы чогулушунда жарыяланат, эгерде алар өзү баш тарткадыгын билдирбесе, анада алардын аттары талапкерлерди каттоонун тартибинде добуш берүү үчүн бюллетенге киргизилүүгө тийиш. Өзүн талапкердикке көрсөтүү жөнүндө анын кат жүзүндөгү макулдугу жок адам талапкердикке көрсөтүлө албайт.

8.9. Аймактык адвокатуранын Башкармалыгынын төрагасы, Аймактык адвокатуранын Башкармалыгынын төрагасынын орун басары, Аймактык адвокатуранын Башкармалыгынын мүчөлөрү тарабынан Аймактык адвокатурда 5 жылдан кем эмес адвокаттык ишмердик стажы бар, соттуулугу жок, анын ичинде жоюлгны бар, мүчөлүк төгүмдөр боюнча карызы жана тартиптик жазасы жок Аймактык адвокатурага бекитилген адвокаттар үч жылдык мөөнөткө шайлаланышы мүмкүн.

## 9. Аймактык адвокатуранын Башкармалыгынын төрагасын, Аймактык адвокатуранын Башкармалыгынын төрагасынын орун басарын, шаардын Адвокатура Башкармалыгынын мүчөлөрүн шайлоону уюштуруу

9.1. Аймактык адвокатуранын Башкармалыгынын чечими менен Аймактык адвокатуранын адвокаттарынын жалпы чогулушунун уюштуруу комитетинин курамы бекитилет. Аймактык адвокатуранын жалпы чогулушунун уюштуруу комитети анын мүчөлөрүнүн ичинен Аймактык адвокатуранын уюштуруу комитетинин функцияларын

аткаруу үчүн документтерге (кат,билдирүүлөр, суроо-талаптар, кайрылуулар) жана башкаларга кол тамгасын коюу ыйгарым укугу менен төраганы шайлайт.

9.2. Аймактык адвокатуранын адвокаттарынын жалпы чогулушунун уюштуруу комитети:

9.2.1. адвокаттардын чогулуштарынын, коллегияларынын жана бюролорунун протоколдорун, адвокаттардын кол тамгаларын, талапкердин кат жүзүндөгү макулдугун (1-тиркеме), мыйзамдардын талаптарына талапкердин ылайыктыгын, үч календардык күндөн ашпаган мөөнөттө талапкердин катталуусуна текшерүү жүргүзөт, ал кат жүзүндө бышыктама берет. Талапкер документтерин электрондук почта аркылуу жиберген учурда, бышыктоо талапкерге кайра жооп иретинде электрондук почта аркылуу жиберилет.

9.2.2. Аймактык адвокатуранын башкармалыгына бардык талапкерлердин тизмесин, алардын таржымалын жарыялоо үчүн берет. Аймактык адвокатуранын башкармалыгы көрсөтүлгөн документтерди Жалпы чогулушту өткөрүүгө чейин кеминде 2 күн калганда Адвокатуранын расмий сайтында жарыялайт.

9.2.3. Зарыл болгон учурда талапкер берген документтерге кошумча текшерүү жүргүзөт.

9.3. Талапкерди каттоо үчүн документтер талапкер тарабынан жеке тапшырылышы же каттоо башталгандыгы жөнүндө кулактандырууда көрсөтүлгөн электрондук почтанын дареги боюнча электрондук почта аркылуу жиберилиши мүмкүн.

**10. Аймактык адвокатуранын Башкармалыгынын төрагасын, Аймактык адвокатуранын Башкармалыгынын төрагасынын орун басарын, Аймактык адвокатуранын Башкармалыгынын мүчөлөрүн шайлоодо добуш берүү**

10.1. Аймактык адвокатуранын Башкармалыгынын төрагасын, Аймактык адвокатуранын Башкармалыгынын төрагасынын орун басарын, Аймактык адвокатуранын Башкармалыгынын мүчөлөрүн шайлоодо добуш берүү эки этапта жүрөт. Биринчи этапта добуш берүүдө Аймактык адвокатуранын адвокаттары Аймактык адвокатуранын Башкармалыгынын 5 мүчөсүн шайлайт. Экинчи этапта Аймактык адвокатуранын Башкармалыгынын шайланган 5 мүчөсүнүн ичинен төрага жана төраганын орун басары шайланат.

10.2. Добуш берүү Аймактык адвокатуранын жалпы чогулушунун жүрүшүндө түздөн-түз жүрргүзүлөт.

10.3. Добуш берүү укугу менен чогулушка катышуучу Эсептөө комиссиясында каттоодон өтөт. Эсептөө комиссиясынын мүчөлөрүнүн талабы боюнча өздүгүн аныктаган документти (паспортту) көрсөтүүгө жана катышуучулардын тизмесине катталууга тийиш.

10.4. Жалпы чогулуштун каттосунан өткөн ар бир адвокатка добуш берүү үчүн эки бюллетен берилет: биринчи бюллетенде Аймактык адвокатуранын Башкармалыгынын мүчөлүгүнө талапкерлердин баары көрсөтүлгөн; экинчи бюллетенде “Аймактык адвокатуранын Башкармалыгынын төрагасынын” жана “Аймактык адвокатуранын Башкармалыгынын төрагасынын орун басарынын” тушунда эки бош графа көрсөтүлгөн.

10.5. Жалпы чогулушка катышуу үчүн катталган адвокаттар биринчи бюллетен боюнча Аймактык адвокатуранын Башкармалыгынын төрагасын, Аймактык адвокатуранын

Башкармалыгынын төрагасынын орун басарын, Аймактык адвокатуранын Башкармалыгынын мүчөлөрүн – түздөн-түз Аймактык адвокатуранын Жалпы чогулушунда шайлоого бир адвокат – беш добуш – Аймактык адвокатуранын Башкармалыгынын мүчөлөрү үчүн принциби боюнча катышышат.

10.6. Добуш берүү үчүн бюллетенде көрсөтүлгөн тиешелүү талапкердин аты-жөнүнүн жанына шайлоо үчүн добушун бергендиги жөнүндө белги коюлуп, шайлоо кутучасына бюллетенди салуу жолу менен добуш берүү жүргүзүлөт.

10.7. Жалпы чогулушка катышуу үчүн катталган адвокаттар экинчи бюллетен боюнча Аймактык адвокатуранын Башкармалыгынын төрагасын, Аймактык адвокатуранын Башкармалыгынын төрагасынын орун басарын, Аймактык адвокатуранын Башкармалыгынын мүчөлөрүн шайлоого катышышат, Башкармалыктын мүчөлөрүнүн ичинен шайланган "Аймактык адвокатуранын Башкармалыгынын төрагасынын" жана "Аймактык адвокатуранын Башкармалыгынын төрагасынын орун басарынын" тушундагы эки бош графага аты-жөнүн жазышат.

10.8. Белги коюуда бузулган бюллетендер алмаштырылбайт.

## 11. Аймактык адвокатуранын Башкармалыгынын төрагасынын, Аймактык адвокатуранын Башкармалыгынын төрагасынын орун басарынын, Аймактык адвокатуранын Башкармалыгынын мүчөлөрүнүн талапкерликтери боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгруу

11.1. Добуш берүүдөн кийин Эсептөө комиссиясы шайлоо кутучаларын ачып, добуш берүүнүн жыйынтыктарын с анайт

11.2. Квотада аныкталган талапкерлердин санынан ашкан добуш берүү белгилери, чийүүлөр, кошуп жазуулар же добуш берүүдөн баш тартуу белгилери добуш берүү үчүн бюллетенде болгон кезде мындай бюллетень жараксыз деп эсептелет жана добуштарды эсептөөдө эске алынбайт.

11.3. Адвокаттардын көбүрөөк добуштарын алган 5 талапкер Аймактык адвокатуранын Башкармалыгынын мүчөлүгүнө шайланды деп эсептелет; эгерде эки же андан көп талапкер бирдей добуш алып калса, анад бирдей добуш алгандардын арасында ушул Жобонун 3-бөлүмүнө ылайык кайталап добуш берүү жүргүзүлөт.

11.4. Экинчи бюллетен боюнча "Аймактык адвокатуранын Башкармалыгынын төрагасы" графасында адвокаттардын көбүрөөк добушун алган талапкер Аймактык адвокатуранын Башкармалыгынын төрагасы болуп эсептелет.

11.5. Экинчи бюллетень "Аймактык адвокатуранын Башкармалыгынын төрагасынын орун басары" графасында адвокаттардын көбүрөөк добушун алган талапкер Аймактык адвокатуранын Башкармалыгынын төрагасынын орун басары болуп эсептелет.

## 12. Шайлоолордун жыйынтыктарын тариздөө

12.1. Аймактык адвокатуранын жалпы чогулушунун чечими Аймактык адвокатуранын Жалпы чогулушунун президиумунун төрагасы жана катчысы кол тамгасын койгон протокол менен тариздelет. Протоколго Эсептөө комиссиясынын протоколу тиркелет.

12.2. Ушул Жобо менен белгиленген эрежелерге көзөмөлдүк кылуу Аймактык адвокатуранын адвокаттарынын Жалпы чогулушунун Уюштуруу комитети тарабынан ишке ашырыла.

## 13. Аймактык адвокатуранын Башкармалыгы

13.1. Аймактык адвокатуранын Башкармалыгы аймактык адвокатуранын коллегиалдуу аткаруу органы болуп саналат жана тиешелүү аймактын адвокаттарынын ичинен 5 киши жашыруун добуш менен үч жылдык мөөнөткө адвокаттардын жалпы чогулушунда шайланат. Бир эле адам катары менен эки жылдан көп мөөнөткө башкармалыктын мүчөсү болуп шайлана албайт

13.2. Башкармалыктын төрагасы жана анын орун басары тиешелүү аймактын адвокаттарынын Жалпы чогулушунда аймактык адвокатуранын башкармалыгынын мүчөлөрүнүн арасынан шайланат. Шайланган төраганын талапкерлиги дайындоо үчүн Адвокаттар кеңешине сунушталат. Аймактык адвокатуранын Башкармалыгынын төрагасы өз ишинде Аймактык адвокатуранын жалпы чогулушуна жана Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Адвокаттар кеңешине отчет берет.

13.3. Аймактык адвокатуранын Башкармалыгынын компетенциясына төмөнкү маселелер кирет:
- Адвокатуранын чечимдерин ишке ашыруу;
- күндөлүк жана келечек пландарды камсыздоо жана аткаруу;
- ички процедураларга ылайык Аймактык адвокатуранын адвокатарын сыйлоо;
- Аймактык адвокатуранын финансы каражаттарын жана мүлкүн колдонуу жөнүндө чечим кабыл алуу;
- Аймактык адвокатуранын чыгашалар жана кирешелер сметасын Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Адвокаттар кеңешиннин бекитүүсүнө коюу;
- ушул Типтүү жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү боюнча сунуштарды Кыргыз Республикасынын Адвокатурасына киргзүү;
- Аймактык адвокатуранын адвокатарынын кезектеги жана кезексиз жалпы чогулушун чакыруу жөнүндө чечим кабыл алуу;
- Аймактык адвокатуранын жалпы чогулушунда жашыруун добуш берүү үчүн бюллетендердин формаларын бекитүү;
- Аймактык адвокатуранын штаттык ырааттамасынын түзүмүн иштеп чыгуу жана макулдашуу;
- Аймактык адвокатуранын Башкармалыгынын Төрагасын, мүчөлөрүн жана аппарарт кызматкерлерин сыйлоонун өлчөмүн аныктоо;
- Аймактык адвокатуранын адвокаттарынын квалификациясын жогорулатууну уюштуруу;
- Аймактык адвокатуранын адвокаттарынын маалымат базасын жүргүзүү.

13.4. Аймактык адвокатуранын компетенциясына ушул Жободо, ошондой эле жалпы чогулуштун, Адвокаттар съездинин, Адвокаттар кеңешинин компетенциясына кирбеген Аймактык адвокатуранын жобосунда аныкталган башка маселелерди чечүү кирет.

13.5. Аймактык адвокатуранын Башкармалыгынын Төрагасы “Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык ишмердик жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Уставынын, ушул Типтүү

жобонун, Аймактык адвокатуранын жобосун жана шайлоо мезгилине Кыргыз Республикасынын Адвокаттар кеңеши берген ишеним каттын жана филиалдар менен өкүлчүлүктөрдүн ишин жөнгө салуучу башка ченемдик укук актыларынын негизинде иш жүргүзөт.

- 13.6. Башкармалыктын төрагасы аймактык адвокатуранын күндолүк ишине жетекчилик кылат жана Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Адвокаттар кеңешие жана адвокаттардын жалпы чогулушуна отчет берет.

**13.7. Аймактык адвокатуранын Башкармалыгынын Төрагасы өз ыйгарым укуктарынын алкагында:**

- "Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык ишмердик жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Уставынын, ушул Типтүү жобонун, Аймактык адвокатуранын жобосунун, Адвокаттар кеңешинин, Адвокаттар съездинин жана жалпы чогулуштардын чечимдеринин негизинде Аймактык адвокатуранын ишин уюштурат;
- Аймактык адвокатуранын ишинин бардык маселелери боюнча уюмдар, ишканалар жана мекемелер менен мамиледе анын кызыкчылыктарын көздөйт;
- Кыргыз Республикасынын Адвокатурасыты менен макулданып нын борбордук аппараты менен макулдашып Аймактык адвокатуранын адвокаттарынын эсеби жүргүзөт;
- Аймактык адвокатуранын банктык эсебин ачат жана жабат, ушул Типтүү жободо белгиленген чектерде алардын каражаттарын тескейт;
- адвокаттардын жардамчыларынын стажироакадан өтүшүнө жана адвокаттардын квалификациясын жогорулатууга көзөмөлдук жүргүзөт, адвокаттардын жана алардын жардамчыларынын ишин жакшыртууга багытталган иш-чараларды жүргүзөт, адвокаттардын квалификациясын жогорулатуу боюнча иш-чараларды уюштурууга көмөк көсөтөт;
- Адвокаттардын съездинде белгиленген төгүмдөрдү адвокаттардын толук жана өз убагында төлөөсүн камсыздайт;
- Аймактык адвокатуранын иш жүзүндөгү чыгымдарынын жана мүмкүнчүлүктөрүнүн негизинде акча каражаттарын чыгымдоонун багыттарын жана жол берилген өлчөмдөрүн аныктайт;
- жылына бир жолу акчам каражаттарынын чыгымдалышы жөнүндө Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Адвокаттар кеңешинин жана Аймактык адвокатуранын адвокаттарынын жалпы чогулушунун алдында отчет берет;
- Адвокатура жана берилген ишеним кат менен белгиленген чектерде бүтүмдөрдү түзөт;
- Аймактык адвокатуранын аппаратынын кызматкерлерин ишке алат жана иштен кетирет;
- Аймактык адвокатуранын аппаратынын бардык кызматкерлери, ошондой эле Аймактык адвокатуранын мүчөлөрү үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Адвокатуранын Уставына жана ушул Типтүү жобого карама-каршы келбеген милдеттүү болгон буйруктарды, чыгарат жана көрсөтмөлөрдү берет;
- Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын чечимдерин даярдоону жана аткарууну уюштурат;
- Аймактык адвокатуранын аппаратынын кызматкерлеринин бухгалтерин дайындайт;
- белгиленген форма боюнча статистикалык жана финансылык отчетту уюштурат;

- Адвокатуранын Уставында жана ушул Типтүү жободо каралган башка милдеттерди аткарат.

13.8. Башкармалыктын төрагасы жана анын орун басары жок болгон учурда Башкармалыктын чечими менен башкармалыктын мүчөлөрүнүн ичинен Аймактык адвокатуранын башкармалыгынын төрагасынын милдетин аткаруучу дайындалат, бул учурда Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Адвокаттар кеңеши чечимге ылайык ошол адамга ишеним кат берет.

13.9. Аймактык адвокатуранын башкармалыгынын төрагасы Аймактык адвокатуранын ишине жана анын чарбалык-финансылык абалына жетекчилик кылгандыгы үчүн жоопкер болот.

13.10. Аймактык адвокатуранын башкармалыгынын мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктары төмөнкүдөй учурларда жана тартипте гана мөөнөтүнөн мурда токтотулушу мүмкүн:

- Башкармалыкта мүчөлүгүн токтотуу жөнүндө кат жүзүндөгү жеке арызы боюнча же башка аймактык адвокатурага өткөндүгүнө байланыштуу;
- адвокаттын ишмердиги ал мамлекеттик же муниципалдык кызматта турган, мамлекеттик бийликтин шайлоо органына ал шайланган, аскердик мөөнөттүү аскердик кызмтта кызмат өтөгөн мезгилде, ошондой эле мыыйзамдарда каралган башка учурларда токтотулат;
- Өлгөн учурда же аны өлдү, дайынсыз жоголду деп жарыялоо жөнүндө соттун чечими мыйзамдуу күчүнө киргенде;
- Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыкканда;
- Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынан чыгарылганда;
- Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Адвокаттар кеңешине же Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын башка органдарына шайланган учурда;
- такай бузган учурда башкача айтканда Башкармалыктын отурумдарына катары менен үч жолудан көп катышпаганда.

13.11. Башкармалыктын курамынан, Башкармалыктын мүчөлөрүнүн бирөөсүнөн чыккан учурда Аймактык адвокатуранын Башкармалыгы өз чечими менен Аймактык адвокатуранын жалпы чогулушунун добуш берилген резервдик тизмесинен Адвокаттар башкармалыгынын мүчөлүгүнө киргизет.

### 14. Адвокаттардын квалификациясын жогорулатууну уюштуруунун тартиби

14.1. Аймактык адвокатуранын Башкармалыгы Адвокаттардын Окуу борборунун (УЦА) кесиптик окутуунун жана квалификацияны жогорулатуунун бирдиктүү стандарттарына (ЕОС) ылайык адвокаттардын квалификациясын жогорулатуу боюнча ишти уюштурат.

14.2. Аймактык адвокатуранын адвокаттарынын квалификациясын жогорулатуунун үзгүлтүксүз мезги аралыгы “Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык ишмердик жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 22-беренесине ылайык үч жылда бир жолкудан кем эмес түзүлөт.

14.3. Отчет мезгилинде квалификацияны жогорулатуунун билим берүү программасынын жалпы эмгек түйшүгү 3 жылга чейин жана 3 жылдан ашык эмгек стажы бар окуп жаткан адвокаттардын категорияларына байланыштуу окуу планына ылайык оку курстары

боюнча бөлүштүрүлүшү 48 саат көлөмүндө окуу жүктөмүн адвокаттардын өздөштүрүүсүн карайт.

14.4. Квалификациясын жогорулатуунун базалык бөлүгү алардын керектүүлүгүнө жана кесиптик кызыкчылыктарына байланыштуу ырааттуулукта 3 жылга иш стажысы бар адвокаттар та рабынан өздөштүрүлүшү мүмкүн.

14.5. 3 жылдан жогору иш стажы бар адвокаттар үчүн альтернативдүү окутуу катарында үч жыл ичинде ушул ЕОС тун 2 бөлүмүндө каралган билим берүү иш-чараларында, мыйзам долбоорлору жана илимий-изилдөө иштеринде аларды окутуунун бардык формалары эске алынат, алар 48 сааттан ашпаган көлөмдө тандоо боюнча курстардын ордуна эсептелиши мүмкүн.

14.6. Квалификациясын жогорулатуунун били берүү программалары боюнча окуу планындагы окуу курстарынын тизмеси ар бир 6 айда түзүлөт жана ата мекендик мыйзамдарды өнүктүрүүнүн алгылыктуу багыттарына, укук колдонуу практикасынын жана адвокаттык кызмат көрсөтүүнүн рыногунун керектүүлүгүнө байланыштуу УЦАнын Окуу-методикалык комиссясы тарабынан жаңыртылат.

14.7. Окуп жаткан адвокаттардын жалпы маданий жана кесиптик компетенциясы ар бир үч жылда тузүлөт жана ата мекендик мыйзамдарды өнүктүрүүнүн алгылыктуу багыттарына, укук колдонуу практикасынын жана адвокаттык кызмат көрсөтүүнүн рыногунун керектүүлүгүнө байланыштуу УЦАнын Окуу-методикалык комиссясы тарабынан жаңыртылат.

14.8. Акысыз курстарга катышуучуларды тандоо квалификацияны жогорулатуунун функциялык милдеттерине ылайык жоопкер Аймактык адвокатуранын Башкармалыгын мүчөсүнүн жетекчилиги астында билим берүү иш-чараларына катышуучуларды тандоо жөнүндө Аймактык адвокатуранын ички жобосуна ылайык Аймактык адвокатуранын кызматкери тарабынан жүргүзүлөт

14.9. Аймактык адвокатура квалификацияны жогорулатуунун эсебин жүргүзөт, ЕОСтун талаптарына ылайык квалификацияны жогорулатуу боюнча адвокаттардын сааты эсептелет.

14.10. Адвокаттар квалификацияны жогорулатуу боюнча милдеттерин такай бузган учурда Аймактык адвокатуранын Башкармалыгы сураттамсын алуу үчүн Этика боюнча комиссияга жиберет.

14.11. Квалификацияны жогорулатууну уюштуруунун тартибин бир кыйла детаолуу жөнгө салуу Аймактык адвокатуранын Башкармалыгы бекиткен ички жоболордо баяндалган.

**15. Аймактык адвокатуранын Адвокаттар мүчөлүк төгүүлөрүн төлөөнүн тартиби**

15.1. Аймактык адвокатуранын ар бир мүчөсү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Адвокаттар съезди бекиткен өлчөмдө акча түрүндө төлөнүүчү мүчөлүк төгүүлөрдү Аймактык адвокатуранын менчигине ай сайын берүүгө милдеттүү.

15.2. Аймактык адвокатуранын бардык мүчөлөрү үчүн бир айлык мүчөлүк төгүүлөрдүн өлчөмүн аныктоо жана бекитүү Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Адвокаттар съезди тарабынан бекитилет. Мүчөлүк төгүүлөр Аймактык адвокатуранын мүчөлөрү тарабынан Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Уставынын 8-бөлүгүнүн 8.5. пунктуна ылайык ай сайын төлөнөт.

15.3. Мүчөлүк төгүүлөрдүн каражаттарынан түшкөн, Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын жалпы муктаждыктарына мүчөлүк төгүүлөрдү төлөөдөн түшкөн Аймактык адвокатуранын чегерүүлөрүнүн өлчөмүн аныктоо Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Адвокаттар съезди тарабынан аныкталат.

15.4. Төгүүлөрдү төлөө Аймактык адвокатуранын мүчөлүгүнө кабыл алуу жөнүндө билдирүүнүн текстинде көрсөтүлгөн реквизиттер боюнча Аймактык адвокатуранын банктагы эсеп-кысабына акча каражаттарын которуу жолу менен жүргүзүлөт.

15.5. Аймактык адвокатуранын ар бир мүчөсү мыйзамдын 22,23-беренелерине ылайык белгиленген төгүүлөрдү өз убагында толук төлөөгө жеке жоопкерчиликтүү болот.

### 16. Аймактык адвокатуранын мулкү жана финансылык иши

16.1. Аймактык адвокатура өзүнүн бардык ишин жана өзүнүн бардык финансылык операцияларын Адвокаттар кеңешинин макулдугу же болбосо бекитүүсү боюнча Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын финансылык жана эсеп саясатына ылайык жана ага берилген ыйгарым укуктардан улам келип чыгуучу бекитилген мүлктүн жана каражаттардын чегинде жүргүзөт.

16.2. Аймактык адвокатура өзүнө бекитилген Кыргыз Республикасынын Адвокатурасына таандык мүлктү ээлейт жана пайдаланат.

16.3. Аймактык адвокатуранын каражаттары Адвокаттардын съезди аныктаган Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын муктаждыктарына чегерүүлөрдү минус кылганда Аймактык адвокатуранын адвокаттарынын ай сайын төгүүлөрүнөн, ошондой эле мыйзамдарда тыюу салынбаган башака түшүүлөрдөн жыйналат

### 17. Аймактык адвокатуранын жоопкерчилиги жана отчеттуулугу

17.1. Аймактык адвокатура Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларында каралган тартипте бухгалтердик эсеп, статистикалык отчеттуулук , иш кагаздарын жургүзөт.

17.2. Аймактык адвокатуранын башкармалыгынын төрагасы Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Адвокаттар кеңешинин талабы боюнча Аймактык адвокатуранын иши жөнүндө отчет берет.

17.3. Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы Аймактык адвокатуранын финансы-чарбалык ишине Текшерүү комиссиясы аркылуу өз күчү менен же үч жылда бир жолудан кем эмес көз карандысыз аудиторлорду таратуу менен текшерүү дайындай алат.

17.4. Аймактык адвокатураөз ишинин натыйжаларына, өзүнө бекитилген мүлккө жоопкер болот.

### 18. Корутунду жоболор

18.1. Ушул Типтүү жобого өгөртүүлөр жана толуктоолор Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Адвокаттар кеңешинин чечими боюнча киргизилет жана Адвокаттар кеңешини чечими менен бекитилет.

18.2. Аймактык адвокатура жоюлушу мүмкүн:
- Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Адвокаттар кеңешинин чечими боюнча.
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык соттун чечими боюнча.

18..3. Аймактык адвокатураны жоюу тууралуу чечим кабыл алынгандан кийин Адвокатура Адвокатуранын өкүлдөрүнөн турган жоюу комиссиясын дайындайт .Аймактык адвокатураны жоюу тууралуу чечим кабыл алынгандан кийин Аймактык адвокатуранын калган бардык мүлкү менен каражаттары Адвокатуранын карамагына өтөт.

18.4. Ушул Типтүү жобо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте филиал мамлекеттик каттоодон өткөн учурдан тартып жаңы филиалдар түзүлгөндө Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Адвокаттар кеңеши бекиткен учурдан тартып күчүнө кирет.

**Аймактык адвокатуранын адвокаттарынын жалпы чогулушу – Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын филиалы**

**Өткөрүү датасы**

**КАТТО ФОРМАСЫ**

**Тапшыруу мөөнөтү: убакыт жана дата**

**Сиз бул форманы электрондук форматта жөнөтө аласыз e mail: Аймактык адвокатуранын электрондук почтасынын дареги**

| | |
|---|---|
| Сиздин тегиңиз | |
| Сиздин аты-жөнүңүз | |
| Туулган жылыңыз | |
| № адвокаттык уруксаттама | |
| e mail: | |
| телефон | |
| Менин байланыш маалыматым катышуучулардын байланышуучу тизмесине киргенине макулмун | |
| Адвокаттардын тыктаймжалпы чогулушунда катталганымды тас | |

Дата_______________ Кол тамга_________________________________________